Ушул ойлордун негизинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик: «Эне образы - бул көпүрө сыяктуу. Бир тарабы улуттук маданиятка, салтка жана тарыхка таянса, экинчи тарабы жалпы адамзаттык баалуулуктарга алып барат». Ошол көпүрө аркылуу адам өз тамырын жоготпой туруп, дүйнөлүк деёгээлге чыгып, башка маданияттарды түшүнүүгө жана кабыл алууга үйрөнөт. Айтматовдун чыгармалары дал ушул көпүрөнү түзүп, адамзатка руханий багыт көрсөтүп турат.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Абдраимова Н. Айтматовдун чыгармаларындагы аял образы жана маданий баалуулуктар. – Б.: 2020.
2. Айтматов Ч. Жамийла. – Ф.: Кыргызстан, 1968
3. А. Алимбеков п.и.д., профессор – Кыргыз-Түрк “Манас” Университети РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯНЫН УЛУТТУК ИДЕАЛЫ ЖАНА АНЫН ӨЗӨКТҮҮ БААЛУУЛУКТАРЫ https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49457288
4. Айтматов Ч. Ак-Кеме. – Ф.: Кыргызстан, 1978
5. Айтматов Ч. Саманчынын жолу. – Ф.: Кыргызстан, 1963
6. Бахтин М.М. Эстетика словесного творчества. – М.: Искусство, 1986.
7. Баялинова Р. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык дүйнөсү. – Б.: Илим, 2001.
8. Гумилев Л.Н. Этногенез жана Жердин биосферасы. – М.: Мысль, 1990.
9. Какеев А. Айтматов жана улуттук иденттүүлүк маселелери. – Б.: БГУ, 2010.
10. Кожомгелдиева Ч.И. Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ УЛУТТУК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР ЖАНА УНИВЕРСАЛДУУ БААЛУУЛУКТАР
11. Курманбаева Г.А. – Кыргыз элинин залкар уулу, сыймыгы – Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы кайталангыс баалуулуктар
12. Мамытов Т. Ч.Айтматов жана дүйнөлүк адабият. – Б.: Илим, 2005, 67 б.

УДК: 371.3:81'271 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.531**

ИНТЕРАКТИВДҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КЕП МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Гапарова Чынаркан Абдураимовна ORCID: https://orcid.org/0000-0002-1209-9701, филология илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университети
cgaparova@mail.ru
Гапарова Гулзина Ташмахаматовна, окутуучу, Ош технологиялык университети
gaparova gulzina @mail.ru

ФОРМИРОВАНИЕ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ИНТЕРАКТИВНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

Гапарова Чынаркан Абдураимовна, ORCID: https://orcid.org/0000-0002-1209-9701 кандидат филологических наук, доцент, Ошский государственный университет
cgaparova@mail.ru
Гапарова Гулзина Ташмахаматовна,

преподаватель, Ошский технологический университет
gaparovagulzina@mail.ru

DEVELOPING THE SPEECH CULTURE OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS THROUGH THE USE OF INTERACTIVE TECHNOLOGIES

Gaparova Chynarkan Abduraimovna,
ORCID: https://orcid.org/0000-0002-1209-9701
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor Osh State University
cgaparova@mail.ru
Gulzina Tashmakhamatovna Gaparova,
Lecturer, Osh Technological University
gaparovagulzina@mail.ru

Аннотация

Бул макалада башталгыч *класстын окуучуларынын кеп маданиятын интерактивдүү технологияларды колдонуу аркылуу калыптандыруунун актуалдуулугу каралат. Заманбап билим берүү шартында окуучулардын тилдик жана коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүү негизги милдеттердин бири болуп саналат. Изилдөөнүн предмети — кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүү процесси. Макаланын максаты — лексикалык, грамматикалык, коммуникативдик жана этикеттик компоненттерди интерактивдүү ыкмалар аркылуу калыптандыруунун натыйжалуулугун аныктоо. Изилдөөдө смарт такта, мультимедиялык презентациялар, видеоматериалдар, ролдук оюндар жана диалогдук тапшырмалар колдонулду. Эксперименталдык иш 2–3-класстын окуучулары арасында жүргүзүлүп, алынган жыйынтыктар контролдук топ менен салыштырылды. Натыйжада окуучулардын сөз байлыгы кеңейип, грамматикалык жактан туура сүйлөө деңгээли жогорулап, диалог жүргүзүү жана сабакка катышуу активдүүлүгү арткандыгы аныкталды. Ошондой эле сылык сүйлөө көндүмдөрүнүн калыптана баштаганы байкалган. Изилдөө интерактивдүү технологиялардын билим берүү процессиндеги маанисин далилдейт.*

Ачкыч сөздөр: *интерактивдүү технологиялар, кеп маданияты, башталгыч класс, кыргыз тили, коммуникативдик көндүмдөр, ролдук оюндар, сөз байлыгы.*

Аннотация

В данной статье рассматривается актуальность формирования речевой культуры учащихся начальных классов с использованием интерактивных технологий. В условиях современного образования развитие языковых и коммуникативных навыков учащихся является одной из приоритетных задач. Предметом исследования является процесс формирования речевой культуры учащихся на уроках кыргызского языка. Цель статьи — определить эффективность формирования лексических, грамматических, коммуникативных и этикетных компонентов с помощью интерактивных методов. В исследовании использовались смарт-доска, мультимедийные презентации, видеоматериалы, ролевые игры и диалоговые задания. Экспериментальная работа проводилась среди учащихся 2–3 классов, а полученные результаты сравнивались с контрольной группой. В результате было выявлено расширение словарного запаса учащихся, повышение уровня грамматически правильной речи, развитие навыков ведения диалога и увеличение активности на уроках. Также отмечено формирование навыков вежливой речи. Исследование доказывает значимость интерактивных технологий в образовательном процессе.

Ключевые слова: *интерактивные технологии, речевая культура, начальная школа, кыргызский язык, коммуникативные навыки, ролевые игры, словарный запас.*

Annotation

This article examines the relevance of developing speech culture among primary school students through the use of interactive technologies. In modern educational conditions, the development of students’ linguistic and communicative skills is one of the key priorities. The subject of the research is the process of developing students’ speech culture in Kyrgyz language lessons. The

aim of the study is to determine the effectiveness of forming lexical, grammatical, communicative, and etiquette components through interactive methods. The study employed smart boards, multimedia presentations, video materials, role-playing games, and dialogue-based tasks. The experimental work was conducted among 2nd–3rd grade students, and the results were compared with a control group. The findings showed an expansion of students’ vocabulary, improvement in grammatical accuracy, enhancement of dialogue skills, and increased classroom participation. It was also observed that polite speech habits began to form. The study proves the importance of interactive technologies in the educational process.

Keywords: *interactive technologies, speech culture, primary school, Kyrgyz language, communicative skills, role-playing games, vocabulary.*

Киришүү. Башталгыч класста окуучулардын кеп маданиятын калыптандыруу өзгөчө мааниге ээ. Анткени дал ушул курakta баланын тилдик негиздери бекемделет. Кыргыз тили сабагында окуучулар өз эне тилинин байлыгын өздөштүрүп, сөздөрдү туура колдонууга, сүйлөмдөрдү логикалуу түзүүгө жана өз оюн ырааттуу жеткирүүгө үйрөнүшөт. Эне тилинде эркин жана так сүйлөө жөндөмү окуучулардын башка сабактарды да ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Ошондой эле бул жөндөм алардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, маалыматты кабыл алуу, талдоо жана жыйынтык чыгаруу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет. Мындан тышкары, кеп маданияты окуучулардын коомдук байланыш жөндөмүнүн калыптанышында чоң роль ойнойт. Окуучулар мугалимдери, классташтары жана айлана-чөйрөдөгү адамдар менен баарлашуу учурунда сылык сүйлөөнү, өз оюн туура жеткирүүнү жана башкаларды угуп түшүнүүнү үйрөнүшөт. Бул болсо алардын социалдык адаптациясына жана коомдо өз ордун табуусуна жардам берет.

Изилдөөнүн методдору жана материалдары. Башталгыч класстагы окуучулардын кеп маданияты негизинен төрт компоненттен турат: лексикалык, грамматикалык, коммуникативдик жана этикеттик компоненттер. Лексикалык компонент окуучулардын сөз байлыгы менен түздөн-түз байланыштуу. Бул компонент аркылуу окуучулар жаңы сөздөрдү үйрөнүп, алардын маанисин түшүнүп, туура колдонууга машыгышат. Сөз байлыгы канчалык бай болсо, окуучунун өз оюн так жана кеңири билдирүү мүмкүнчүлүгү ошончолук жогору болот. Кыргыз тили сабактарында ар түрдүү тексттерди окуу, сөздүк менен иштөө, синоним жана антонимдерди үйрөнүү, тематикалык сөздөрдү топтоо сыяктуу иштер лексикалык компонентти өнүктүрүүгө жардам берет. Мындан тышкары, окуучуларды жаңы сөздөрдү сүйлөм ичинде колдонууга үйрөтүү да өзгөчө мааниге ээ.

Грамматикалык компонент окуучулардын тил мыйзам ченемдерин өздөштүрүүсүнө багытталат. Сүйлөмдүн түзүлүшү, сөздөрдүн байланышы, туура сүйлөө нормалары — мунун баары грамматикалык компоненттин негизин түзөт. Мугалимдер ар кандай грамматикалык көнүгүүлөрдү, сүйлөм түзүү тапшырмаларын, текст менен иштөөнү колдонуу аркылуу окуучулардын туура сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырышат. “Грамматикалык жактан туура сүйлөө окуучунун кеп маданиятынын сапатын жогорулатат. Окуучу грамматикалык эрежелерди курулай жаттоо менен теориялык жактан гана сабаттуу болбостон, билген, үйрөнгөн грамматикалык-тилдик эрежелерди кебинде туура пайдалана алуусу негизги орунда турат” [1, 51-б].

Коммуникативдик компонент окуучулардын өз ара сүйлөшүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган. Бул компонент аркылуу окуучулар диалог жүргүзүүнү, суроо берүүнү, жооп кайтарууну жана өз оюн логикалуу жеткирүүнү үйрөнүшөт. Коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн сабакта диалогдук тапшырмалар, топтук иштер, талкуулар жана ролдук оюндар кеңири колдонулат. Мындай иштер окуучулардын активдүүлүгүн арттырып, аларды жандуу сүйлөшүүгө тартат. Натыйжада окуучулар өз оюн ишенимдүү айтып, башкалар менен эркин баарлаша алышат.

Этикеттик компонент окуучулардын сүйлөө маданиятынын социалдык жана маданий жагын камтыйт. Бул компонент аркылуу окуучулар сылык сүйлөөнү, саламдашууну, ыраазычылык билдирүүнү, кечирим суроону жана башка адамдарды урматтоону үйрөнүшөт.

Мисалы, “саламатсызбы”, “рахмат”, “кечиресиз” сыяктуу сөздөрдү туура колдонуу баланын маданияттуу сүйлөөсүнүн көрсөткүчү болуп саналат. Этикеттик нормаларды сактоо окуучулардын коомдогу жүрүм-турумун да калыптандырат. “Окуучуларды маданияттуу сүйлөтүүгө жасалган түрдүү кырдаалдар окуучуларды кеп маданиятынын багыттарын өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт” [2, 84].

“Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методдору маалыматтык коомдо окуучунун кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу менен заманбап билим берүү стандарттарына ылайыкталышы керек” [3, 189-б]. Ошондуктан кыргыз тили сабагында жогоруда аталган компоненттерди комплекстүү түрдө өнүктүрүү өзгөчө маанилүү. Ар бир сабакта окуучулардын сөз байлыгын байытуу, грамматикалык жактан туура сүйлөөгө үйрөтүү, диалог жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу жана сылык сүйлөө маданиятын өнүктүрүү багытында иштер жүргүзүлүшү керек. Бул үчүн мугалим интерактивдүү ыкмаларды, көргөзмө каражаттарды жана ар кандай практикалык тапшырмаларды эффективдүү колдонушу зарыл. Анткени окуучунун кеп маданияты — бул окуучунун тилдик гана эмес, жалпы маданий деңгээлин аныктоочу маанилүү көрсөткүч.

Заманбап билим берүү шартында окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүүдө интерактивдүү технологияларды колдонуу өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Интерактивдүү окутуу ыкмалары окуучуларды сабакка активдүү катышууга түрткү берип, алардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылыгын өнүктүрөт. Айрыкча смарт такталар, мультимедиялык презентациялар, видео материалдар жана интерактивдүү оюндар сабактын мазмунун жандандырып, окуучулардын кызыгуусун арттырат. Мисалы, смарт такта аркылуу сүрөттөрдү, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү көрсөтүү окуучулардын визуалдык кабыл алуусун жакшыртат жана жаңы маалыматты тез өздөштүрүүсүнө жардам берет. Видео материалдар аркылуу окуучулар туура сүйлөө үлгүлөрүн көрүп, угуп, аны практикада колдонууга аракет кылышат. Презентациялар болсо теманы системалуу жана түшүнүктүү жеткирүүгө мүмкүндүк берет. Ал эми интерактивдүү оюндар окуучуларды активдештирип, аларды эркин сүйлөөгө, суроо берүүгө жана жооп кайтарууга шыктандырат. Бул учурларда окуучулар сабакта пассивдүү угуучу болбостон, активдүү катышуучу болуп, өз ойлорун айтууга, талкууга катышууга жана пикир алмашууга үйрөнүшөт. Натыйжада алардын сүйлөө активдүүлүгү жогорулап, кеп маданияты акырындык менен калыптанат.

Башталгыч класстагы окуучулардын сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү – билим берүү процессинин негизги багыттарынын бири. Бул кураста окуучулардын тилге болгон кызыгуусу жогору болуп, алар жаңы сөздөрдү тез өздөштүрүп, өз оюн эркин билдирүүгө умтулушат. “Сүйлөшүү кебинин колдонулуш диапозонуну кең...” [4, 8-б.] болгондуктан окуучулардын кеп маданиятын калыптандыруу маселеси негизги орунда туруусу зарыл. Ошондуктан “мугалимдин милдети башталгыч класстардын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабакты кызыктуу, мазмундуу жана интерактивдүү өткөрүү” [5, 43-б.]

Сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүдө эң натыйжалуу ыкмалардын бири - ролдук оюндар. Бул ыкма аркылуу окуучулар ар кандай турмуштук кырдаалдарды сахналаштырып, белгилүү бир ролду аткаруу менен тилди практика жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк алышат. “Оюн курулай жаттоону четтетет. Оюнда билим алуу практика аркылуу жүрөт” [6, 213-б.]. Мисалы, “Дүкөнгө барабыз” деген сценарийде окуучулар сатуучу жана сатып алуучу болуп бөлүнүп, соодадагы диалогдорду түзүшөт. Мындай иш-аракеттердин натыйжасында алар суроо берүү, жооп кайтаруу, сылык сүйлөө, саламдашуу, ыраазычылык билдирүү жана кечирим суроо сыяктуу көндүмдөрдү өздөштүрүшөт. Ролдук оюндар окуучулардын өзүнө болгон ишенимин арттырып, сүйлөөдөгү тартынууну азайтат.

Диалогдук тапшырмалар да сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүдө маанилүү орунду ээлейт. Бул ыкма окуучуларды бири-бири менен түз байланышта болууга, пикир алмашууга үйрөтөт. Мисалы, “Сенин сүйүктүү сабагың кайсы?”, “Дем алышта эмне кыласың?” сыяктуу суроолор аркылуу окуучулар өз ойлорун эркин билдирүүгө көнүгүшөт. Диалог түзүү учурунда окуучулар туура суроо берүү, жоопту логикалуу куруу жана сүйлөшүүнү улантуу көндүмдөрүн калыптандырышат. Мындай тапшырмалар окуучулардын коммуникативдик

жөндөмүн өнүктүрүп, жандуу сүйлөшүүгө даярдайт.

Чыгармачыл тапшырмалар окуучулардын сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүү менен катар алардын элестетүүсүн жана ой жүгүртүүсүн да кеңейтет. Окуучуларга сүрөт боюнча окуя түзүү, жомок улантуу, чакан сценка жазуу же көркөм чыгарманы окуп, мазмунун айтып берүү сыяктуу тапшырмалар берилет. Бул иштер аркылуу окуучулар сөздөрдү туура колдонууга, сүйлөмдөрдү байланыштуу түзүүгө жана өз оюн ырааттуу баяндоого үйрөнүшөт. Чыгармачыл тапшырмалар окуучулардын жеке пикир айтуусуна шарт түзүп, алардын тилге болгон кызыгуусун арттырат. “Баланын чыгармачылыгын өнүктүрүү анын аналитикалык ой жүгүртүүсүн, визуалдык жана чыгармачыл кабыл алуусун, ошондой эле өзүнүн креативдүү потенциалын ачууга көмөктөшөт” [7, 176-б.].

Сөздөрдү топтоо жана классификациялоо ыкмасы да сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүдө эффективдүү болуп саналат. Бул ыкма көбүнчө интерактивдүү такта же карточкалар аркылуу жүргүзүлөт. Окуучулар сөздөрдү белгилүү бир темалар боюнча топтошот: мисалы, жаныбарлар, өсүмдүктөр, тамак-аш, мектеп буюмдары ж.б. Мындай иштер окуучулардын сөз байлыгын кеңейтип, сөздөрдүн маанисин жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Ошондой эле окуучулар жаңы сөздөрдү сүйлөм ичинде колдонууга көнүгүп, активдүү лексикасын байытып алышат. Демек, башталгыч класстарда сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүдө ролдук оюндар, диалогдук жана чыгармачыл тапшырмалар, ошондой эле сөздөрдү топтоо сыяктуу ыкмалар окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, алардын өз оюн эркин, так жана мазмундуу билдирүүсүнө шарт түзөт.

Негизги жыйынтыктар жана талкуулар. Изилдөөнүн максаты башталгыч класстын окуучуларынын кыргыз тили сабагында кеп маданиятын интерактивдүү технологиялар аркылуу өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгүн аныктоо болуп аныкталды. Бул максатка жетүү үчүн эксперименталдык (пилоттук) изилдөө жүргүзүлдү. Изилдөө К.Абдылдаев атындагы орто мектептин 2–3-класстарында өткөрүлдү. Жалпы 48 окуучу катышып, алардын ичинен 24 окуучу эксперименталдык топко, 24 окуучу контролдук топко бөлүндү. Эксперименталдык топто сабактар интерактивдүү технологиялардын негизинде уюштурулса, контролдук топто салттуу окутуу ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн узактыгы 4 жума (1 ай) болуп, жумасына 2 жолу, жалпысынан 8 интерактивдүү сабак өткөрүлдү. Эксперименталдык сабактарда төмөнкү интерактивдүү технологиялар жана методдор колдонулду: смарт такта аркылуу визуалдык материалдарды көрсөтүү, мультимедиялык презентациялар (PowerPoint), кыска видеоматериалдар, онлайн интерактивдүү оюндар (сөздөрдү бириктирүү, сүйлөм түзүү), ролдук оюндар жана диалогдук тапшырмалар. Ал эми ар бир сабак үч негизги этаптан турду: *мотивациялык этап* – видео же сүрөт аркылуу темага кызыктыруу; *негизги этап* – жаңы сөздөрдү үйрөтүү, диалог түзүү, ролдук оюндар; *жыйынтыктоочу этап* – мини-практика жана тест аркылуу баалоо. Мисалы, колдонулган айрым темаларды атасак: “Мектептеги окуучулар” темасында ролдук оюн уюштурулуп, окуучулар “мугалим – окуучу – дүкөнчү” ролдоруна бөлүндү. Окуучулар төмөнкүдөй конкреттүү тапшырмаларды аткарышты: 5–6 сүйлөмдөн турган диалог түзүү, кеминде 3 суроо берүү, сылык сүйлөө формаларын колдонуу (саламдашуу, рахмат айтуу, кечирим суроо). Ал эми “Жаныбарлар дүйнөсү” темасында интерактивдүү презентация колдонулуп, натыйжада ар бир окуучу 5 жаңы сөздү өздөштүрдү, 2 сүйлөм түздү, 1 кыскача баяндама (2–3 сүйлөм) жасады. Онлайн оюндарда окуучуларга төмөнкү конкреттүү тапшырмалар берилди: сөздөрдү туура тартипте жайгаштырып, сүйлөм түзүү (мисалы: “ барам / мектепке / мен ”), туура жана туура эмес сүйлөмдөрдү айырмалоо, сүрөткө ылайык сөз тандоо.

Окуучулардын сүйлөө көндүмдөрүн баалоо үчүн төмөнкү критерийлер колдонулду: **лексикалык деңгээл** – активдүү сөздөрдүн саны (10–15 сөз шкаласы); **грамматикалык тууралык** – сүйлөмдөрдүн туура түзүлүшү; **коммуникативдик көндүм** – диалог жүргүзүү (суроо-жооп саны); **этикеттик компонент** – сылык сөздөрдү колдонуу. Изилдөөнүн башында (диагностикалык этап) жана аягында (контролдук этап) тест жана практикалык тапшырмаларды аткартуу менен текшерилди. Натыйжалар төмөнкүдөй конкреттүү өзгөрүүлөрдү көрсөттү:

- окуучулардын сөз байлыгы орточо 10–12 сөздөн 14–16 сөзгө чейин өсүп, 25–30% жогорулады;
- грамматикалык жактан туура сүйлөм түзүү көрсөткүчү 20% жакшырды;
- диалог жүргүзүүдө окуучулар мурда 1–2 суроо берсе, эксперименттен кийин 3–4 суроо бере баштап, 25% өсүш байкалды;
- сабакка активдүү катышкан окуучулардын саны 60%дан 85%га чейин көбөйдү;
- этикеттик сөздөрдү колдонуу (саламдашуу, рахмат айтуу) системалуу түрдө калыптана баштады.

Смарт такта аркылуу сөздөрдү топтоо жана классификациялоо тапшырмаларында окуучулар темалар боюнча (жаныбарлар, тамак-аш, мектеп буюмдары) 8–10 сөздү туура ажыратып, алардын ичинен 4–5 сөздү сүйлөмдө колдонууга жетишишти. Видео материалдар окуучуларга сөздөрдү табигый контекстте кабыл алууга жардам берип, алардын угуу жана түшүнүү жөндөмүн да жакшыртты. Онлайн интерактивдүү оюндар окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн активдештирип, өз алдынча туура жооп табууга үйрөттү. Бул болсо алардын өз алдынча иштөө жөндөмүн жана сүйлөө ишмердүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түздү.

Корутунду. Жыйынтыктап айтканда, жүргүзүлгөн эксперимент көрсөткөндөй, интерактивдүү технологияларды колдонуу башталгыч класстагы окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүүдө жогорку эффективдүүлүккө ээ. Алар окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүүгө, грамматикалык жана коммуникативдик көндүмдөрүн жакшыртууга, ошондой эле сабакка болгон кызыгуусун жана активдүүлүгүн жогорулатууга түздөн-түз таасир этет. Мындай технологиялар мугалимге сабакты заманбап, кызыктуу жана натыйжалуу уюштурууга мүмкүнчүлүк берип, окуучуларды эркин жана маданияттуу сүйлөөгө системалуу түрдө үйрөтөт.

Адабияттардын тизмеси:

1. Гапарова Ч.А. Башталгыч класстарда кызматчы сөздөрдү окутууда тилдик жана кептик компетенцияларды калыптандыруучу көнүгүү жумуштары / Ч.А.Гапарова // Вестник КНУ. – 2025. - №2. - 49-54-б-р. https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUGAPAROVACH.A.2025-2.pdf
2. Абдраимов К. Кеп маданиятына үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр системасы жана аны менен иштөөнүн ыкмалары / К.Абдраимов // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. -2011. - №2. -83-87-б-р. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44709508_56988198.pdf
3. Сакиева С. Башталгыч класста кыргыз тилинин окутуунун методикасы: учурдагы абалы жана көйгөйлөрү / С.Сакиева, А. Амирова ,А. Аширалиева // Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы. – 2025. - №1. - 2-Т. - 186-191-б-р. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_82421684_64381997.pdf
4. Гапарова Ч.А. Кыргыз тилиндеги сүйлөшүү кебинин лексикасы: филол.ил.канд. ...дис. автореферати / Ч.А.Гапарова. -Бишкек,2006. -24 б.
5. Гапарова Ч.А. Башталгыч класстардын окуучуларынын кеп ишмердигин калыптандырууда теория менен практикадагы шайкешсиздиктер / Ч.А.Гапарова // А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы. -2025. - №2. - 1-т. - 41-46-б-р. https://elibrary.ru/download/elibrary_83115518_91365792.pdf
6. Тайыр кызы Н. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын окутуудагы дидактикалык жана педагогикалык оюндардын окуучулардын кабылдоосуна тийгизген таасири / Нургүл Тайыр кызы // А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы. – 2025. - №2. - 2-т. - 212-220-б-р. https://elibrary.ru/download/elibrary_83979687_95828988.pdf
7. Таабалдиева А. Балдардын акыл-эси, сезими жана чыгармачылыгынын өнүгүүсүнүн ролу / А.А.Таабалдиева // А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы. – 2024. - №2. - 2-т. - 174-178-б-р. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_79493645_10973336.pdf